**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ СОТУНУН КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПАЛАТАСЫНЫН СУДЬЯЛАР КОЛЛЕГИЯСЫНЫН АНЫКТАМАСЫ**

Кыргыз Республикасынын Жахабанын Күбөлөрүнүн диний борборунун өтүнүчүн кабыл алуу жөнүндө

2014-жылдын 3-апрели Бишкек шаары

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасынын судьялар коллегиясынын курамы: Ч.О. Осмонова, Ч.А. Айдарбекова, Э.Ж. Өскөнбаев, катчы М.Э. Толобалдиевдин катышуусунда, Кыргыз Республикасынын Жахабанын Күбөлөрүнүн диний борборунун мыйзамдуу өкүлдөрү Шейн Хит Брейди жана Хамит Иргашбаевич Искаковдун өтүнүчүн карап, төмөнкүлөрдү

**т а п т ы:**

Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасына (мындан ары – Конституциялык палата) Кыргыз Республикасынын Жахабанын Күбөлөрүнүн диний борборунун мыйзамдуу өкүлдөрү Шейн Хит Брейди жана Х.И. Искаков 2008-жылдын 31-декабрында кабыл алынган «Кыргыз Республикасынын дин тутуу эркиндиги жана диний уюмдары жөнүндөгү» Мыйзамдын 8-беренесинин 2, 3-пункттары жана 10-беренесинин 2-пунктунун экинчи абзацы Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 16-беренесинин 2-пунктуна, 32-беренесинин 2-пунктуна жана 35-беренесине карама-каршы келет деп тануну суранып, өтүнүч менен кайрылышкан.

Судьялар коллегиясы кайрылууну изилдеп чыгып, «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык мыйзамдын 28-статьясынын 2-бөлүгүнүн негизинде кайрылууну жана ага тиркелген материалдарды текшерген судья Ч.Осмонованын маалыматын угуп, төмөндөгүдөй тыянакка келди.

Кыргыз Республикасынын Жахабанын Күбөлөрүнүн диний борборунун мыйзамдуу өкүлдөрү Шейн Хит Брейди жана Х.И. Искаковдун өтүнүчү «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык мыйзамдын 20, 21, 24, 25, 26-беренелеринин талаптарына толук жооп берет.

Жогорудагылардын негизинде, «Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы жөнүндө» конституциялык мыйзамынын 28-беренесинин 2, 5-бөлүктөрүн жетекчиликке алып, судьялар коллегиясы

**а н ы к т а д ы:**

1. Кыргыз Республикасынын Жахабанын Күбөлөрүнүн диний борборунун мыйзамдуу өкүлдөрү Шейн Хит Брейди жана Х.И. Искаковдун өтүнүчү конституциялык өндүрүшкө кабыл алынсын.

2. Аныктама Конституциялык палатага даттанылышы мүмкүн.

**Судьялар коллегиясы:** Ч.О. Осмонова

Ч.А. Айдарбекова

Э.Ж. Өскөнбаев